КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>МОСКВА РАЙОНУ<br>МИҢ-БУЛАК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>МОСКОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>МИН-БУЛАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Мин-Булак айыл аймагынын**
**айылдык Кеңешинин кезектеги сессиясынын**
**№141 ТОКТОМУ**

2026-жылдын 30-сентябры                                                                 Садовое а.

**2026-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн бюджеттин аткарылышы**
**жана аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсү**
**жөнүндө айыл өкмөт башчысынын отчету жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамына ылайык, 2026-жылдын 16-сентябрындагы айылдык кеңештин бюджет, финансы, инвестиция жана гранттык долбоорлор боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусунун негизинде, Мин-Булак айыл өкмөтүнүн башчысынын 2026-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн жергиликтүү бюджеттин аткарылышы жана аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсү тууралуу отчетун угуп чыгып Мин-Булак айыл аймагынын айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Мин-Булак айыл өкмөтүнүн башчысынын 2026-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн жергиликтүү бюджеттин аткарылышы жана аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсү тууралуу отчету канааттандырарлык деп табылсын.
2. Ушул токтом мамлекеттик каттоодон өткөрүлүп, расмий жарыялансын.
3. Ушул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Токтомдун аткарылышын контролдоо айылдык кеңештин бюджет, финансы, инвестициялар жана гранттык долбоорлор боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага**                                                                 **Н.Б.Асаналиев**